| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ НАРЫН ОБЛУСУ ЖУМГАЛ РАЙОНУ КУЙРУЧУК-КЫЗАРТ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КУЙРУЧУК-КЫЗАРТСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңешинин I-чакырылышынын**
**X-кезексиз сессиясынын**
**Токтом №13/3**

2024-жылдын 5-сентябры — Жаңы-Арык айылы

**Куйручук-Кызарт айыл аймагынын Базар-Турук айылындагы "Кызарт-келечеги" бала бакчасынын филиалына келип жаткан балдардын тамактануусу үчүн ата-энелерден ай сайын төлөнүүчү төлөм боюнча өткөрүлгөн 04.09.2024-жылдагы №23 Протоколду бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, "Кызарт-келечеги" бала бакчасынын кайрылуусун карап. Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кенеши, **токтом кылат:**

1. Куйручук-Кызарт айыл аймагынын Базар-Турук айылындагы "Кызарт-келечеги" бала бакчасынын филиалына келип жаткан балдардын тамактануусу үчүн ата-энелерден ай сайын төлөнүүчү төлөм боюнча өткөрүлгөн 04.09.2024-жылдагы №23 Протоколу бекитилсин;

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.Э.Жусуповго жүктөлсүн.

**Төрайым:** **М.Акматалиева**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ НАРЫН ОБЛУСУ ЖУМГАЛ РАЙОНУ “КЫЗАРТ-КЕЛЕЧЕГИ” БАЛА БАКЧАСЫ** | **МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ НАРЫНСКОЙ ОБЛАСТЬ ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН ДЕТСКИЙ САД “КЫЗАРТ-КЕЛЕЧЕГИ”** |

Ата-энелер чогулушунун

ПРОТОКОЛУ

№23

04.09.2024-жыл — Куйручук-Кызарт айылы

Төрайым - “Кызарт-келечеги” бала бакчасынын директору Жакыпова Т.

Катчысы-Садырбек к Бүбүжан

Катышкандар: Бала бакчанын кызматкерлери жана ата-энелер.
Ата-энелер жалпы саны- 35

Катышкандар – 30

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**
1. Бала бакчага келип жаткан балдардын тамактануусу үчүн ата-энелерден ай сайын берилүүчү төлөм жөнүндө.

**УГУЛДУ:** Бала бакчанын башчысы Жакыпова Таалайкүл сөз сүйлөп билдирүү жасап, төмөндөгүлөргө кайрылды, 2024-жылдын сентябрь айында жаңы ачылган “Кызарт-келечеги” бала бакчасынын филиалында тарбияланган 45 баланын тамактануусу үчүн , 2024-жылга сентябрь айынан декабрь айына чейин тамак-аш үчүн бөлүнгөн каражаттын жоктугунан, ар бир баланын тамактануусу үчүн 63 сомдон болуусун сунуштайм.
Ата- энелердин атынан Бегалиева Ырыс апа чыгып сөз сүйлөп төмөнкүлөргө токтолду. Азыркы учурда азык-түлүктүн кымбаттаганы баарыбызга белгилүү, ошондуктан 63сомдон төлөп берүүгө макулдугун билдирди. Абдыкасымова Жылдыз чыгып сөз сүйлөп өз оюн айтты балдар толук кандуу тамактануусу үчүн каршы эмес экендигин айына 1260 сомдон төлөп бере тургандыгын кошумчалап айтты, ата-энелердин арасынан Жумалиева Изат чыгып сүйлөп балдарга күнүнө 63 сомдун тамагын төлөп бергенге каршы эмесмин деген оюн айтты. Чогулуш добушка койулду. Катышкан ата-энелер бир добуштан айына 1260сомдон болсун деп колдошту , каршы жок.
**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап чогулуш**
**Токтом кылат:**
1.”Кызарт-келечеги” бала бакчасында 1 күндүк бир баланы тамактандырууга 63 сомду түзгөдүктөн, ата-энелер төлөөчү сумма 63 сом болуп белгиленсин. (Тизме тиркелет ата-энелер колу коюлган)
2. Бул токтомду бекитип жана чечип берүү жагы “Куйручук-Кызарт” айыл өкмөтүнүн башчысы К.Жусуповдон жана Айылдык кеңештин төрайымы М. Акматалиевадан суралсын.

**Директор:** Жакыпова Т.